2021-2022 – окуу жылы 30-август Так жана табигый усулдук бирикмесинин №1 жыйынынын токтому.
Катышкандар: 6

Усулдук бирикменин жыйынын так жанан табигый усулдук бирикменин жетекчиси Молдокеева Назгүл ачып, күн тартибинде карала турган маселелер менен тааныштырды.

Күн тартибинде:

1. Усулдук бирикменин курамын менен таанышуу жана усулдук бирикменин жетекчисин дайындоо.
2. Усулдук бирикменин 2021-2022-окуу жылынын мерчемин түзүү жана бекитүү.

**Угулду**: биринчи маселе боюнча УБ жетекчиси Молдокеева билдирүү жасады усулдук бирикменин курамында 2математика мугалими, 1информатика мугалими, 1география мугалими, 1химия мугалими, 1биология мугалими бар. 2021-2022-окуу жылында УБ жетекчисин жаңы дайындоо боюнча билдирүү берди.
**Сунуш:** УБ мүчөсү Бектурганова Ж.Д. УБ жетекчиси болуп Рыспаеванын стажысы жетээрин жана иштей ала тургандыгын айтты. Математика мугалими Сейитбек кызы Эркайым жана Молдокеева сунушту колдогонун билдиришти.
**Чечим**: усулдук бирикменин жетекчиси математика мугали Рыспаева К.С. дайындалсын
**Угулду**: экинчи маселе боюнча Молдокеева сөз сүйлөп төмөндөкүдөй билдирүү жасады: 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн иш мерчем менен жана ачык сабактар, жумалыктын мөөнөттөрүн белгилеп усулдук бирикменин мүчөлөрүнө тааныштырды.
**Сунуш:** Молдокеева ар бир предиметтик мугалимдер предметтик жумалыктарды жана ачык сабактарды өз убагында өтүү сунушун айтты. УБ иш планы бир добуштан жактырылды.
**Чечим**: УБ иш планы кабыл алынсын

2021-2022 – окуу жылы  2- сентябрь Так жана табигый усулдук бирикмесинин  №2 жыйынынын токтому.
Катышкандар: 6
Усулдук бирикменин жыйынын так жанан табигый усулдук бирикменин жетекчиси Рыспаева Кайыр  ачып, күн тартибинде карала турган маселелер менен тааныштырды.
Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Календардык планды (стандарттык пландын негизинде) түзүлүшү
2. Ийрим жетекчилеринин иш планын бекитүү

**Угулду:** 1-маселе боюнча УБ мүчөлөрү менен бирдикте ар бир предмет боюнча календардык пландар каралды. Календардык пландар стандарттык программа  менен жазылып талапка жооп бергидей түзүлгөн.
**Сунуш:**  Рыспаева клендардык планга өтүү мөөнөтүн жылдын аягына чейин коюп чыгууну айтты, физика, химиядан лаб. иштердин темасын жазууну сунуштады. Алгебра,геометрия боюнча сааттардын өтүү убактысын  өзүбүзгө ылайыктап түзүп алуу боюнча сунушту ЖРББнын август кеңешмесинде айтылгандыгын айтып өттү.
**Чечим:**
1. УБнин мүчөлөрүнүн календардык пландары бекитилсин
2. 7-11-класстарга өтүлүүчү алгебра геометрия  жыл бою 7-11-класска 1саат геометрия 3саат алгебра өтүлсүн. 8-класс 1-жарым жылдыкта 2-саат алгебра , 1саат геометрия. 2-жарым жылдыкта 2саат алгебра,2саат геометрия  өтүлсүн. 9-класска 1-жарым жылдкта 2саат алгебра 2саат геометрия. 2-жарым жылдыкта 1саат геометрия, 3саат алгебра  өтүлсүн.

**Угулду:**  2-маселе боюнча  Так жана табигый усулдук бирикмесинин мүчөлөрүндө акы төлөнүүчү ийримдер жок болгондугуна байланыштуу предметтик ийримдердин иш пландары жана ийрим жетекчилерин дайындоо жана иш планын бекитүү керектиги айтылды.  . Ийримдердин иш пландары түзүлүп макулдашылды жана жактырылды.
**Сунуш:** Бектурганова Ж.Д. Химия-биология ийриминин жетекчиси  биология мугалими Замир кызы Венера, физика математика ийриминин жетекчиси  математика мугалими Рыспаева Кайыр көрсөтүлдү.
Молокеева  сөз сүйлөп: предметтик ийримдер  окуучулардын билим алуусуна жакшы өбөлгө түзгөндүктөн өз убагында кечиктирилбестен,жоопкерчилик менен өтүү сунушун айтты.
**Чечим:**  Химия биология ийриминин жетекчиси Замир кызы Венерага, физика математика ийримин жетекчиси Рыспаева Кайыр бекитилсин.
Предметтик ийримдер өз убагында өтүлүсүн.

2021-2022 – окуу жылы 25-октябрь Так жана табигый усулдук бирик месинин №3 жыйынынын токтому.

Катышкандар: 6

Усулдук бирикменин жыйынын так жанан табигый усулдук бирикменин жетекчиси Рыспаева Кайыр ачып, күн тартибинде карала турган маселелер менен тааныштырды.

1. Насаатчы мугалимдердин ишин кароо
2. Олимпиадага окуучуларды даярдоону көзөмөлдөө жана мектеп ичинде өтүлө турган олимпиаданын материалдарын кароо.
3. Тарых-география сабактары боюнча усулдук жумалык.

**Угулду:** биринчи каралуучу маселе боюнча 2021-2022-окуу жылында так жана табигый усулдук бирикмесинин мүчөлөрүндө жаш адис жок болгондугуна байланыштуу насаатчы мугалим жок.

**Угулду**: 2-маселе каралып жаткан маселе боюнча УБ жетекчиси Рыспаева билдирүү жасап, предметтик мугалимдер окуучуларды олимпиадага даярдоо боюнча түзүлгөн иш мерчемдин негизинде олимпиадалык резервдеги окуучулар менен иштешээрин жана предметтик олимпиаданын материалдары толукталгандыгын айтты. Математика сабагы боюнча 5-11-класстарга тесттик тапшырмалар жана маселелер. География сабагы боюнча 20 суроодон турган тест жана экинчи турга практикалык тапшырмалар. Информатика сабагынан 5-9-класстарга 20суроодон турган тесттик тапшырмалар. Химия сабагынан 20суроодон турган тесттик тапшырмалар. Биология сабагынан 20 суроодон кем эмес тесттик тапшырмалар түзүлгөн.

**Сунуш:** Молдокеева, Бектурганова физика, химия, информатика сабактарынан практикалык иштерди киргизүү, ар бир класстын жаш өзгөчөлүүгүнө, жөндөмдүүлүгүнө жараша суроолорду түзүү керектигин айтты

**Чечим**: Мектеп ичинде өтүлүүчү олимпиаданын материалдары талкууланып жактырылсын. Берилген сунуштар боюнча ар бир предметтик мугалимдер иш алып барсын.

**Угулду:** 3-маселе Тарых география жумалыгынын өтүшү боюнча Молдокеева Назгүлдүн билдирүүсү боюнча 11-октябрь 18-октябрь аралыгында болуп өттү. Жумалыкта берилген тапшырмалар окуучулар тарабынан кызыгуу менен аткарылып жатты, мерчемдештирилген тапшырмалар убагында аткарылды.

**Сунуш**: Бектурганова предметтик жумалыкты өткөрүүдө окуучуларды активдүү катыштырууга, иш чарага катышкан окуучулардын өзүн алып жүрүүсүнө, формасына көңүл буруу. География мугалими Молдокееваны ачык сабакты убагында өтүүсү сунушталды

**Чечим:** 11-18-октябрь аралыгында болуп өткөн тарых география жумалыгы “канааттандырарлык” деп белгиленсин.

2021-2022 – окуу жылы 26-ноябрь Так жана табигый усулдук бирик месинин №4 жыйынынын токтому.
Катышкандар: 6

Усулдук бирикменин жыйынын так жана табигый усулдук бирикменин жетекчиси Рыспаева Кайыр ачып, күн тартибинде карала турган маселелер менен тааныштырды.

Күн тартибинде:

1. 1-чейректин жыйынтыгын талдоо
2. Биология сабагынан ачык сабак Замир кызы Венера
3. Химия сабагынан ачык сабак Бектурганова Жылдыз
4. Химия- биология жумалыгынын жыйынтыгы

**Угулду:**1-маселе Каралып жаткан маселе боюнча УБ жетекчиси маалымат берди:
1-чейректин жыйынтыгы боюнча билим сапат төмөндөгүдөй болду
Математика 5-кл-33%, 6-кл-47%, 7-кл- 22,7%, 8-кл-45%. 9-кл-35%, 11-кл-62.5%
Геометрия 7-кл-22,7%, 8-кл-45%, 9-кл-17%, 11-кл-75%
Физика 7-кл- 18,1%, 8-кл-45%. 9-кл-29%, 11-кл-50%
Биология 6-кл-52%, 7-кл-22%, 8-кл-40%, 9-кл-41%, 11-кл-44%
Информатика 5-кл-47%. 6-кл- 57%. 7-кл- 18%. 8-кл-45%. 9-кл- 29%
Химия 11-кл- 50%, 9-кл-29,4%, 80кл-47,6%
География 6-кл-70%, 7-кл-31%, 8-кл-71.4%, 9-кл-29,4%, 11-кл-75%

**Сунуш:** Молокеева чейрек ичинде билим сапаттары төмөн болгон класстар менен иш алып баруу. Жетишпеген окуучулар менен жекече иштөө. Бектурганова бир сабактан ударник, отличникке жетпей калган окуучулар менен кошумча иштөө сунушун айтты.

**Чечим:** 1-чейректин жыйынтыгы “канааттандырарлык” деп белгиленсин. Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө иши жандандыруу иши Сейитбек кызы Эркайымга милдеттендирилсин.

**Угулду:** 2-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси химия - биология жумалыгынын алкагында Замир кызы Венеранын 6-класска “ Тамырдын өсүмдүк тиричилигиндеги жана адам үчүн мааниси”-деген темада өткөн ачык сабагы максатына жеткен жана “жакшы” деңгээлдеги сабак болду деп белгиледи.

**Сунуш**: Бектурганова сабакка тартылбаган окуучуларга көңүл буруусу жана сүйлөө кебин өстүрүүсүнүн үстүндө иштөөсүн сунуштады.

**Чечим:** ачык сабак “канааттандырарлык” деп белгиленсин

**Угулду**: 3-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси химия - биология жумалыгынын алкагында Бектурганова Жылдыз 8-класска “ Кычкылтек жана анын таасири”-деген темада өткөн ачык сабагы максатына жеткен жана “жакшы” деңгээлдеги сабак болду деп белгиледи.

**Сунуш:** убакытты туура пайдаланууну сунушталды

**Чечим:** Бектурганова жылдыздын 8-класска өткөн ачык сабагы “жакшы” деп табылсын
4-маселе УБ жетекчиси Химия биология жумалыгынын өтүшү боюнча сөз сүйлөп жумалыкка окуучулардын катышуусу солгун болгондугун белгиледи.

**Сунуш:** Сейитбек кызы Э предметтик жумалыкты өткөрүүдө окуучуларды активдүү катыштырууга, иш чарага катышкан окуучулардын өзүн алып жүрүүсүнө, формасына көңүл буруусун сунуштады.

Чечим: Химия биология жумалыгы “канааттандырарлык” деп белгиленсин.

2021-2022 – окуу жылынын 20-декабрь Так жана табигый усулдук бирик месинин №5 жыйынынын токтому.

Катышкандар: 6

Усулдук бирикменин жыйынын так жанан табигый усулдук бирикменин жетекчиси Рыспаева Кайыр ачып, күн тартибинде карала турган маселелер менен тааныштырды

Каралуучу маселелер:

1. Мектеп аралык олимпиаданын өткөрүүнүн жыйынтыгы

Угулду: 1-маселе боюнча УБ жетекчиси маалымат берди. Мектеп ичинде предметтик сабактар боюнча олимпиада 22-26-ноябрь аралыгында болуп өттү. Жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.

| | 1-орун | 2-орун | 3-орун |
|---|---|---|---|
| Математика | | Ильичбекова Э 8-кл<br>Табылдиева А 7-кл | Жумабекова А 8-кл<br>Табылдиев Б 5-кл |
| География | Адылбеков Р11-кл | Доктурбек кызы М<br>9-кл | Кушбеков Э 9-кл |
| Информатика | | Дубанбекова А 6-кл<br>Бакталбекова А 8-кл | Сайымбекова Н 9-кл<br>Дубанбекова А 6-кл |
| Физика | | Сайынбекова Н 9-кл<br>Ильичбекова Э 8-кл | Бакталбекова А 8-кл<br>Адылбекова Ж 9-кл |
| Химия | Адылбекова Ж<br>9-кл | Адылбеков Р 11-кл<br>Доктурбек кызы М 9-кл | Бакталбекова А 8-кл |
| Биология | Дубанбекова А<br>6-кл | Замирбекова Э 8-кл<br>Шамшыбеков Ж 6-кл | |

Райондук олимпиадага география сабагынан 11-классынын окуучусу Адылбеков Расул, 9-классынын окуучусу Кушбеков Элданур жолдомо алышты. Экинчи орунду алган Доктурбек кызы Мухабат ооруп калгандыгына байланыштуу райондук олимпиадага барган жок. Химия сабагынан райондук олимпиадага жолдомо алган Адылбекова Жанара ооруп калгандыгына байланыштуу райондук олимпиадага барган жок.

**Сунуш:** Молдокеева, Рыспаева математика, физика,информатика, биология сабактарынан олимпиадага окуучуларды даярдоо ишин жандандыруу.

**Чечим:** Мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиаданын жыйынтыгын “канааттандырарлык” деп белгиленсин. Олимпиадага даярдоо иши жандандырылсын.

2021-2022 – окуу жылынын 11-январь Так жана табигый усулдук бирик месинин №6 жыйынынын токтому.
Катышкандар: 6

Усулдук бирикменин жыйынын так жанан табигый усулдук бирикменин жетекчиси Рыспаева Кайыр ачып, күн тартибинде карала турган маселелер менен тааныштырды

Каралуучу маселелер:

1. 2-чейректин жыйынтыгы
2. Физика, математика жана информатика сабактарынын усулдук жумалыгы

**Угулду** 1-маселе боюнча УБ жетекчиси предмет боюнча 2-чейректин жыйынтыгы менен тааныштырды. 2-чейректин жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.
Математика 5-кл-38%, 6-кл-40%, 7-кл- 22,7%, 8-кл-50%. 9-кл-41%, 11-кл-62.5%
Геометрия 7-кл-22,7%, 8-кл-45%, 9-кл-47%, 11-кл-37,5%
Физика 7-кл- 22%, 8-кл-45%. 9-кл-35%, 11-кл-50%
Биология 6-кл-52%, 7-кл-22%, 8-кл-40%, 9-кл-41%, 11-кл-44%
Информатика 5-кл-57%. 6-кл- 60%. 7-кл- 27%. 8-кл-50%. 9-кл- 41%
Химия :11-кл-50, 9-кл-29,4, 8-кл- 36.
География 6-кл-76.4%, 7-кл-27,2%, 8-кл-75%, 9-кл-52,9%, 11-кл-72%
**Сунуш:** Бектурганова чейрек ичинде билим сапаттары төмөн болгон класстар менен иш алып баруу. Жетишпеген окуучулар менен жекече иштөө.
Молдокеева алгебра сабагынан 62% өтө жогорку билим сапат экендигин белгилеп, баа коюда реалдуу кароону сунуштады.

**Чечим**: 2-чейректин жыйынтыгы “канааттандырарлык” деп белгиленсин.

**Угулду:** 2-маселе боюнча январь айында мектеп мугалимдеринен “ковид-19” илдети чыккандагына байланыштуу мектеп онлайн окууга чыгып Физика, математика жана информатика сабактарынын усулдук жумалыгы апрель айына жылдырылганын УБ жетекчиси билдирди.

**Чечим:** Физика, математика жана информатика сабактарынын усулдук жумалыгы жылдырылган мөөнөттө өткөрүлсүн.